КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ЧҮЙ ОБЛУСУ ЫСЫК-АТА РАЙОНУ
КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН
АКТИЛЕК
"04" март 2020
№ 97
село ИНТЕРНАЦИОНАЛЬНОЕ айылы

# ИНФОРМАЦИЯ

## о проделанной работе по профилактике вируса «Коронавирус» в средней школе Актилек за 2019-2020 учебный год

На основании приказа Ысык-Атинского роенного отдела образовании №5 от 28.01.2020года внутри средней школы Актилек был издан приказ. Разработан план действий на основании плана действии произвели следующие мероприятия.

В средней школе Актилек был создан штаб

Председатель: Суранчиев К.Т – директор школы

Члены: Исаева А. соц. Педагог
Жумашев К. зам.ВР.
Тентиев Н. президент школы
Урматова А. парламент
Алмаз к М. парламент

Члены штаба каждый день проверяли посещаемость уроков и давали сводку в РОО количество учащихся в процентах. Среднее количество 93%.

А также члены штаба каждый день обходили классы и проверяли нету ли жалоб на здоровее если выявлялись жалобы сражу же сопровождали в мед пункт.

18.02.20 году классные руководители провели классные часы на тему «Коронавирус», «Что мы должны знать о вирусах». На этих классных часах классные руководители рассказали детям о том, что надо обязательно следить за своим здоровьем, мыть руки после туалета, перед едой, утром.

Ежедневно проводится влажная уборка классов и коридоров.

В младших классах классные руководители писали диктанты на тему каким путем передается и каким путем не передается эта болезнь., «Что надо знать о Коронавирусе».

По всем классам прошел конкурс рисунков «Чистота- залог здоровья» Классные руководители в каждом классе определяли на основе конкурса лучшие три рисунка, затем эти рисунки были вывешены в уголке здоровья.

В течении месяца школе проводилась еженедельная уборка по кабинетам.

20.02.20 году была проведена школьная линейка на линейке выступила Тыналиева Г. мед. сестра ГСВ. она говорила о симптомах Коронавируса, и о том что при первых признаках гриппа обращаться в больницу.

14.02.20 году была проведена проверка классных аптечек. В каждом классе имеется аптечка, для оказания первой медицинской помощи.

Директор школы: Суранчиев К.Т

Зам.дир по ВР: Жумашев К.Н

# Ысык – Ата району

# Актилек орто мектеби

# Класстык саат

## Тема: COVID - 2019

Класс жетекчи: Асаналиева Н.У

2020 - жыл

# Класстык саат

# Тема: COVID-2019

### "Таажы" атка конушу

Коронавирустар — өзүнө бир чынжырлуу РНК (рибонуклеин кислотасы) молекуласын камтыган тоголок формадагы микроб. Анын тикен сымал сырткы чели таажыны элестетип турат. Илдет ошол себептен коронавирус деп аталат. Клеткага кирген вирус анын цитоплазмасында көбөйөт. Алар иммунитетти алсыратып, инфекция менен күрөшүүсүнө тоскоолдук жарататат. Бирок курч респиратордук инфекция (КРВИ) же сасык тумоо сыяктуу бир жумада айыкпайт. Коронавируста типсиз пневмония менен оор-курч респиратордук синдромдун формасы коштогондуктан бейтаптар өлүмгө чейин дуушар болот. Себеби дарт дем алууну кескин кыйындатат.

### Таржымалы

Коронавирус менен ооруган алгачкы адам 1965-жылы каттоого алынган. XX кылымда аталган вирус адамдарда жана жаныбарларда курч респиратордук оорулардын козгогучу катары белгилүү болгон. Бирок өтө коопту инфекциялардын катарына кирген эмес. 2000-жылдары коронавирустун SARS-Cov жана MERS-Cov деген түрлөрү жайылып, адам өмүрүнө коркунуч жарата баштаган.

### Оорунун очогу Кытай

Коронавирус узаган жылдын декабрь айынын этегинде Кытайдын Хубэй провинциясындагы Ухань шаарында тарады. Бейтаптардын көбү деңиз азыктарын саткан базарда иштеген. 5-январдан тарта ооругандардын саны өсө баштаган. Ал эми 9-январь күнү гана кытайлык адистер илдетти лабораториядан аныктап, ал коронавирустун 2019-nCoV деп аталган жаңы тиби экендигин аныкташты.

### Расмий аталышы — COVID-2019

Коронавируска февралдын башында Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму COVID-2019 деген аталыш берген. CO – бул коронавирус, VI – бул вирус, ал эми D илдет дегенди түшүндүрөт.

### Илдеттин белгиси

Коронавирус бейтап менен байланыш болгондо гана жугат деген божомол бар. Бул илдет белгилери жок өтүшү мүмкүн эмес. Киши ооруну жуктуруп алгандан кийин бир нече күндөн соң байкала баштайт. Башкы белгилери — кургак жөтөл, дене табынын көтөрүлүшү, алсыроо, энтигүү. Мындан сырткары, бейтап чыйрыгып, башы, тамагы ооруйт. Жүрөгү айланып, мурду бүтүп, ичи өтөт. Оору эки жумага созулуп, өтүшүп кетсе, үч аптадан алты жумага чейин уланат.

Адам канчалык жаш болсо, ооруну жуктуруп алуу жана өтүштүрүп жиберүү коркунучу азыраак болот. Азыркы тапта ооруну жуктуруп алгандардын 72,8 пайызы 40 жаштан жогору курактагылар. 19 жашка чейинкилердин ичинен 2,1 пайызы гана бул илдетке кабылган.

Аялдар менен эркектер дартка бирдей эле кабылат. Эгер бул ооруну алты айлык боюнда бар кыз-келиндер жуктуруп алса, ымыркай дени сак эле төрөлөт. Жаңы бойго бүткөндө түйүлдүккө бул вирус кандай таасир этерин айтуу азырынча эрте. COVID-19 вирусу адамдарга жаныбардан жуккан деген божомол бар.

### Дарттын дабасы табыла элек

Учурда коронавирус менен жабыркагандарды сакайтуу жолу так аныктала элек. Дарыгерлер бейтаптарды вируска каршы препараттар менен дарылап жатышат. Окумуштуулар вакцинаны даярдоо кеминде бир жыл убакытты алышы мүмкүндүгүн айтып чыгышкан.

### Ооруну алдын алуу

Россиядагы колдонуучулардын жана адам жашоосунун жайлуулугун көзөмөлдөгөн федералдык кызматы (Роспотребнадзор) ооруну жуктуруп албоо үчүн бир катар алдын алуу чараларын маалымдады.

- Чет мамлекетке барарда эпидемиялык абалды тактап алуу;
- Жаныбарлар жана деңиз азыктары сатылган базарларга барбоо;
- Термикалык иштетүүдөн өткөн тамак-аштарды колдонуп, бөтөлкөдөгү суулардан ичүү керек;
- Зоопаркка кирбөө, жаныбарлар катышкан массалык иш-чараларга баш бакпоо;
- Дем алуу органдарын коргоо каражаттарын колдонуу (мисалы, медициналык бет кап);
- Эл көп топтолгон жерден келгенден кийин жана тамак ичер алдында колду таза жууп туруу;
- Оорунун алгачкы белгилеринде эле бейтапканага кайрылуу керек. Өз алдынча дарылануга жол берилбеши шарт.

**Кыргызстан көргөн чаралар**

1. Кытай менен чек арасын жаап, аба каттамын токтоткон. Мамлекеттик чек арадагы бардык өткөрмө-көзөмөл жайлары күчөтүлгөн режимде иштеп жатат.
2. Кыргызстан коронавирус катталган өлкөлөрдү үч категорияга бөлдү. I категорияга Кытай, Италия, Иран, Түштүк Корея, Франция, Германия жана Испания кирет. II категорияда АКШ, Япония, Швеция, Швейцария, Улуу Британия, Бельгия, Нидерланддар бар. III категорияга Сингапур, Австрия, Дания, Кытайга караган Гонконг, Малайзия, Таиланд, Индия, Бахрейн, Австралия, Греция, Канада, Ирак, Бириккен Араб Эмирлиги, Кувейт, Ирак, Египет, Ливан, Катар, Сауд Аравиясы кирди.
3. Өкмөттүн алдында *эки штаб түзүлгөн. Биринчиси* — коронавирусту алдын алуу боюнча штаб болсо, экинчиси — коронавирустун жайылышына байланыштуу тышкы таасирлердин кесепетин азайтуу жана экономикалык өнүгүүнү өбөлгөлөө боюнча штаб болуп саналат.
4. Өлкө боюнча массалык иш-чаралар токтотулду. Мартта Бишкекте өтчү хоккей боюнча дүйнө чемпионаты, күрөш боюнча Олимпиаданын лицензиялык турнири жана Нооруз майрамы өтпөй калды.
5. Бишкек шаарындагы жүргүнчү ташыган менчик жана жеке автоунаалар, республикалык маанидеги автобекеттер, базарлар, ашкана, мечиттер жана башка жайлар дезинфекцияланып жатат.